УДК (008(575.2)

Ж.А. Кедейбаева – филос.и.к., доцент, ОшТУ

КООПСУЗДУК - СОЦИАЛДЫК ОБЪЕКТИЛЕРДИН ӨНҮГҮШҮНҮН ШАРТЫ

Бул макаладакоопсуздук социалдык обьектилердин өнүгүшүнүн шарты катары изилденет. Коопсуздук маселесине акыркы мезгилдерде философтор жана саясат таануулар кенири кайрылып жатышат. Философтор коопсуздукту маданий тарыхый феномен иретинде изилдешип, бул кубулушту талдоонун методологиясын иштеп чыгууга, категориалдык аппаратты тактоого, коопсуздуктун цивилизациялык негиздерин аныктоого аракеттенишишүүдө.

Негизги сөздөр:социум, улут, мамлекет, мамлекеттүүлүк, коопсуздук, коопсуздук, контекст.

Ж.А. Кедейбаева –к.филос.н., доцент,О шТУ

БЕЗОПАСНОСТЬ КАК УСЛОВИЕ РАЗВИТИЯ СОЦИАЛЬНОГО ОБЪЕКТА

В данной статье анализируется безопасность как условие развития социального обьекта. Процессы, происходящие в Кыргызстане в связи с построением возрожденной государственности, конечно, отвечают интересам кыргызского народа. В противном случае они не происходили бы. Однако существуют определенные сложности в связи со значительными культурно-цивилизационными различиями традиционного кыргызского общества, многие элементы и ценности которого сохранились по сей день, и элементами и ценностями западной культуры, которая выступает по отношению к нашей в качестве адаптирующей.

Ключевые слова: безопасность, социум, нация, народ, государство, государственность, угрозы, концепция национальной безопасности.

J.A.Kedeibaeva - Candidate of Philosophy, associate professor, OshTU

SECURITY AS THE CONDITION OF DEVELOPMENT OF SOCIAL OBJECTS

This article examines security as a condition of development of the social object. The processes taking place in Kyrgyzstan in connection with the construction of the revived statehood, of course, in the interests of the Kyrgyz people. Otherwise, they would not happen. However, there are certain difficulties in connection with significant cultural-civilizational differences in traditional Kyrgyz society, many of the elements and values which have survived to this day, and elements and values of Western culture, which stands in relation to our as adapting.

Key words:security, society, nation, people, state, statehood, threats, national security concept

Коопсуздук түшүнүгү философиялык ой жүгүртүүдө, саясат таануу илиминде маданий контекстке ылайык төмөнкү маанилерди чагылдырат: ишенимдүүлүк, кепилдик, бейпилдик, камсыз болуу, коркунучтардын жоктугу ж.б. [1].

Коопсуздуктун төмөнкү түрлөрү белгилүү:

1) абсолюттук;
2) реалдуу;
3) жетишээрлик деңгээлдеги;
4) белгилуу чектеги коопсуздук;

5) иллюзордук коопсуздук.

Ал эми саясат таануулар социумду уюштуруунун ар түрдүү деңгээлдеринде коопсуздуктун көрүнүү проблемаларын изилдешип, анын түрдүү саясий системалардагы ар тараптуу аспектилерин ачууга, инсандын, мамлекеттин жана коомдун коопсуздугун жакшыртуунун конкреттүү өбөлгөлөрүн жана каражаттарын анализдөөгө аракет жасашат.

«Коопсуздук» түшүнүгүнүн маңызын жана мазмунун терең өздөштүрүү үчүн «коркунуч» терминине токтолуп өтүү максатка ылайыктуу. Индивидуалдык жана коомдук жашоонун күнүмдүк практикасы көрсөткөндөй, азыркы геосаясий мейкиндикте коркунучтун ар кандай түрлөрү кеңири учурайт. Байыркы доорлордон тартып эле адам баласы ар кандай коркунучтарга дуушар болуп келген [2, 2-54-б.].

Мазмундук пландан алып караганда «коркунуч» тигил же бул системанын нормалдуу функцияланышына жана өнүгүшүнө тоскоолдук көрсөткөн шарттардын жана тенденциялардын жыйындысын билдирет. Кандайдыр - бир коркунучтун мазмунунун терең ачып берүү үчүн ал шарттардын жана тенденциялардын конкреттүү тизмесин аныктоо зарыл. Ага катастрофалык жаратылыштык процесстерди, табигый чөйрөнүн булганышын, жер ресурстарынын түгөнүп бара жатышын, тышкы жана ички душмандардын агрессиясын жана башкаларды кошууга болот.

Коркунучтун тигил же бул системага тийгизген таасири формасы боюнча ар кандай иш-аракетке мүнөздүү болгон структураны чагылдырат. Башкача айтканда, коркунуч төмөнкүлөрдү кучагына алат: коркунучтун булагы, коркунучка кабылган обьект, коркунучтун обьектисине таасир тийгизген каражаттар; обьектиге карата субьект койгон максат; коркунучтун булагынын обьектиге таасир тийгизүү процесси, таасир тийгизүүнүн натыйжасы. Ар бир элементке кыскача токтолуп өтөлү.

Коркунучтун булагы болуп төмөнкүлөр эсептелет: жаратылыштык кубулуштар (жер титирөө, сел, кургакчылык, атмосфералык электрдик чыңалуулар;техногендик чөйрөнүн элементтери: адам, адамдар тобу, алардын жамааты (кылмышкер, кылмыш топ, мамлекет-агрессор) [3, 4-23-б.].

Коркунучту алып жүрүүчүлөрдүн акыркы тобуна диний уюмдарды да кошууга болот. Мында сөз диндер аралык карама- каршылыктарга негизделген диний экстремизмдин көрүнүштөрү жөнүндө болуп жатат. Коркунучка кабылган обьектилер болуп мамлекеттик, саясий, экономикалык, коомдук жана диний уюмдар эсептелет.

Айрым учурларда коркунучтун обьектиси болуп субьектилердин өзү эсептелет. Мында коркунучтун субьектиси аёдап-сезилген түрдө же аңсыз формада өзүн-өзү жок кылат. Өзүн аңдуу түрдө жок кылуу (суицид) көптөгөн мезгилдерден бери врач-психиатрлардын, ошондой эле социологдордун, психологдордун, философтордун изилдөө предмети болуп саналат. Психикалык дарт менен байланышпаган суициддердин арасынан социалдык-саясий жана диний себептер (саясий системага каршы, инсандын тигил же бул укуктарынын бузулушуна каршы) менен мотивацияланган жагдайлар кеёири учурайт. Аталган проблемага көптөгөн илимий семинарлар, конференциялар арналган. Белгилүү болгондой, дүйнөдөгү дээрлик бардык диндер өзүн-өзү өлтүрүүгө тыюу салышат. Диний окуулар боюнча өзүн-өзү өлтүргөн адам тозокко кабылат. Ошону менен катар эле суицидди айыптабаган диний агымдар да кеңири учурайт. Обьектке таасир тийгизүү каражаты катары зордук-зомбулуктун тигил же бул формалары (согуштук, саясий, руханий) зыяндуу өндүрүштөгү технологиялык чөйрөгө тиешелүү авариялар, жаратылыштык стихиялар каралат. Коркунучтун булагы болуп адам эсептелгенде гана максат жөнүндө айтууга болот. Коркунучтун булагынын обьектиге таасир тийгизишинин натыйжасы төмөнкүлөрдөн көрүнүшү мүмкүн:

- обьектинин белгилүү өлчөмдө тигил же бул элементин жоготушу;
- обьектининэлементтерининортосундагыбайланыштынбузулушу;
- обьектининструктурасынынжөнөкөйлөшү;
- обьектининфункцияларыныналсызданышы;
- обьектининтолукталакаланып, жокболушу [4, 6-65-б.].

Коркунучтунаракетининструктурасынтүзгөнэлементтердитактап, талдооэкимаселеничечүүгөмүмкүндүк берет:

1) мындай анализ элементтердин ортосундагы өз ара байланыштар системасын изилдөөгө жардам берет. Бул жагдай тигил же бул обьектини түрдүү коркунучтардан коргоо системасын түзүүдө зор методологиялык жана практикалык маанаге ээ.

2) коркунучтардын так аныкталган системасын түзүүгө өбөлгө түзөт. Аталган абал коркунучтардан коргоо маселесин чечүүдө зор роль ойнойт [5, 6-78-б.].

Коркунучтардын классификациясына кайрыла турган болсок, булакка карап төмөнкүчө бөлүнөт:

- Пайда болуу чөйрөсү боюнча;
- Жаратылыштык чөйрөдөгү коркунучтар (жер титирөө, суу ташкын);
- Техногендик чөйрөдөгү коркунучтар;
- Социалдык чөйрөдөгү коркунучтар [6, 7-21-б.].

Адабияттар:

1. **Венгеров, А.Б.** Теория государства и права: Учебник для юридических вузов. [Текст] 3-е изд. – М., 2000. – С. 176.
2. **Вятр, Е.** Социология политических отношений. – М.: Прогресс, 1979. – С. 344.
3. **Головистикова, А.Н.** Проблемы теории государства и права: [Текст]/ Ю.А. Дмитриев // Учебник. – М., 2005. – С. 709.
4. **Головистикова, А.Н.** Указ. [Текст]/ Ю.А. Дмитриев // соч. – С. 710.
5. **Гулиев, В.Е.** Государство и государственность.. – www.wikipedia.org
6. **Кольцов, В.А.** Некоторые политические аспекты национальной безопасности в России [Текст]/ В.А. Кольцов // Рязань: филиал МИЭМП, 2002. - С. 126-132.